КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Жибек жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги III отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 17**

Согонду айылы — 2024-жылдын 25-апрели

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы жазгы талаа жумуштары жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жооптуу катчы К. Жумабаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Жибек-Жолу айылдык кеңешинин отуруму **токтом кылат:**

1. Колдо бар болгон айыл чарба техникаларын, шаймандарын пайдаланып жазгы талаа жумуштары өткөрүлгөндүгү жана жайлоого көчүп-конуу боюнча элдик жыйындар өткөрүлгөндүгү белгиленсин;

2. Калкты Алай райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан берилип жаткан күйүүчү май жана сапаттуу үрөн менен камсыз кылуу жагы колго алынсын;

3. Элдик жыйында кабыл алынган чечимге ылайык 1-10-майдан калбай көчүп кетүү, өз мөөнөтүндө көчүп келүү боюнча эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жергиликтүү тургундар менен тыгыз байланышта иш алпаруу ар бир айыл башчыга милдеттендирилсин;

4. Жашыл-Мурас улуттук компаниясынын алкагында отургузулган көчөттөрдүн өсүшүн көзөмөлдөө, кышка карата тоютту камдоого азыртадан көңүл буруу жана чөп орунду жерлерин коргоо боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлсүн;

5. Эс алуучу жай иштеткен жарандар айыл өкмөтү тарабынан уюштурулган ишембиликтерге тартылып, бөлүнгөн аймактарын таштандыдан арылтуу иштерин уюштурсун.

6. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Ж. А. Тажибаевге көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия милдеттендирилсин.

**Төрага** — **Орозали уулу Таалайбек**